УД №885/22 Б4
№03-003-2022-002659
Ө К Ү М
Кыргыз Республикасынын атынан
2022-жылдын 20-декабры Бишкек шаары
Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту, курамында
төрагалык кылуучу, судья Адимов А.А.,
соттук отурумунун катчылары Алиярбеков Б.А., Жакыпбеков А.З.,
тараптардан: мамлекеттик айыптоочу Бишкек шаарынын Свердлов районунун прокурорунун улук жардамчысы Алиева М.С., жактоочу Бекиев А., жактоочу Жусупбекова Б.Т., жабырлануучу Д.У.Д., айыпталуучу Р.Э.А. катышуулары менен ачык соттук отурумда Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин 37-беренесинин 1-бөлүмү аркылуу 122-беренесинин 1,2-бөлүмдөрүнүн 5,7-пункттары менен айыпталган А.Р.Э. кылмыш иши каралды. Ал иш боюнча:

А.Р.Э., данные изъяты, бөгөт коюу чарасы 2022-жылдын 30-июнунан бери камакта олтурат, айыптоо актысынын көчүрмөсүн алган, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин 37-беренесинин 1-бөлүмү аркылуу 122-беренесинин 1,2-бөлүмдөрүнүн 5,7-пункттары менен айыпталат.

Сот, иштин ичиндеги материалдарды тереӊ изилдеп чыгып, айыпталуучунун, жабырлануучунун, күбөнүн көрсөтмөлөрүн, тараптардын жарыш сөздөрүн жана айыпталуучунун акыркы сөзүн угуп, төмөндөгүлөрдү

Т А П Т Ы:

А.Р.Э., 2022-жылдын 30-июнь күнү саат 01:00 чамасында, Бишкек шаарынын ххх проспектисинин №ххх дарегинде жайгашкан “ххх” аталышындагы кафенин ичинде, жабырлануучу Д.У.Д. мене спирт ичимдигин ичип олтурушуп, өз ара пикир келишпестиктен улам, мас абалында коомдук тартипти одоно бузуп, столдун үстүндө турган бычакты курал катары колдонуп, жабырлануучуну олтурган абалында, анын арткы далы тарабына оӊ колу менен сайып, ал жерге кулаган учурда, анын денесинин көкүрөгүнө, курсак көӊдөйүнө жана оӊ бөйрөгүнө өзгөчө мыкаачылык менен оӊ колундагы бычак менен сайып, буту менен бир нече жолу тээп, столдун үстүндө турган бөтөлкө менен жабырлануучунун башына чаап өлтүрүүгө аракеттенип, өзүнүн кылмыштуу аракеттерин өз эркине көз каранды болбогон себептер менен аягына чыгара албай, кардарлардын кийлигишүүсү менен түздөн-түз багытталган кылмыштуу аракетин аяыган чыгара албай калган.

Натыйжада жабырлануучу Д.У.Д. алган жараатынан улам, М.М. атындагы Улуттук хирургия ооруканасынын жандандыруу бөлүмүнө жеткирилип, хирургия ооруканасынын тактамасына ылайык: У.Д.Д. көкүрөгүнүн эки тарабына көптөгөн сайылган жараат, курсак көӊдөйүнө жана оӊ бөйрөгүнө сайылган жарааттары бар деп мүнөздөлгөн.

СМЭнын 2022-жылдын 09-августундагы №ххх сандуу корутундусуна ылайык, У.Д.Д. денесине төмөндөгүдөй жараат келтирилген: көкүрөгүнө жана курсак көӊдөйүнө сайылган жараат, оӊ жана сол гемопневмоторакса өнүгүшү, оӊ бөйрөк артериясынын кесилиши, оӊ бөйрөктүн жарааты, 3,4-даражадагы геморрагиялык шок жана төбөсүнүн кесилген жарааты аныкталган. У.Д.Д. денесине келтирилген залака учтуу жана кесүүчү курал менен сайылганы аныкталган жана ден-соолукка оор жаракат келтирилген. Ошол учурга өмүргө коркунуч келтирилген. Келтирилген мөөнөтү окуя болгон күнгө дал келген.

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

А.Р.Э., Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин 37-беренесинин 1-бөлүмү аркылуу 122-беренесинин 1,2-бөлүмдөрүнүн 5,7-пункттарында каралган кылмышты атайылап жасаган деп, тергөө органы тарабынан айыпталат.

Соттук отурумда айыпталуучу А.Р.Э., күнөөсүн жарым-жартылай мойнуна алып, сотко төмөндөгү жагдайда көрсөтмө берди: Э. аттуу бала менен телеграмм сайты аркылуу жумуш боюнча таанышканмын. 2022-жылдын 30-июнь күнү Бишкек шаарына жолго чыкканмын. Шаарга келип, Э.ге байланышсам, ал ххх базары тараптагы “ххх” кафесинде олтургандыгын, аталган кафеге келүүмдү айтты. Мен кафеге келип, мени У. аттуу бала менен тааныштырды. Аны мурда таануучу эмесмин. Биз куурдак тамагын буюртуп, арак ичип олтурдук. Үчөөбүз биргеликте үч бөтөлкө аракты ичиптирбиз. Ошол мезгилде У. мени уят сөздөр менен тилдей баштады, мен чыдай албай, аны жөн гана ич тарабына уруп жиберейин деген оюм болчу. Бирок столдун үстүндө турган бычакты кантип алып, У.ти кантип сайып жибергенимди билбей калдым. Мас абалымда У.ти бычак менен бөйрөк жагына сайган экенмин, экинчисин ич жагына сайыптырмын. Ал жыгылып түшкөндө, эшик тарапты карай басып, кайрадан артка келип, аны карасам, кан абалда жатыптыр. Тез жардам деп кыйкырдым. Тез жардам кызматкерлери келишти, мени милиция кызматкерлери алып кетишти деп көрсөтүп, жасаган кылмыш ишине өкүнүп, кечирим сурап, бул кылмышты ал атайылап жасабагандыгын, жабырлануучуну өлтүрүүгө аракет жасабагандыгын, өлтүрүүгө аракет жасоо анын оюнда жоктугун, максат кылбагандыгын, жабырлануучуну өлтүрүүгө аракет жасаймын деп аталган кафеге атайылап келбегендигин, бычакты кошо алып келбегендигин, аталган кафеге Э. аттуу баланын чакыруусу боюнча гана келгендигин, мас абалында кокустуктан жабырлануучуга оор залал келтиргендигин, бүгүнкү күндө жабырлануучуга келтирилген зыяндар төлөнүп берилгендигин, мындан ары да төлөп берүүгө милдеттүү экендигин көрсөтүп, жеңилдик берүүнү пробациялык көзөмөл колдонууну суранды.

Соттук отурумда жабырлануучу Д.У.Д., сотко көрсөтмө берип, 29.06.2022-жылы саат 20:30 чамасында ошол күнү жумуштан чыккан соң хххх көчөсүндө жайгашкан “ххх” дүкөнүнөн бир даана бөтөлкө сыры (пива) “Балтика 7” алып ичип келе жатканмын. “ххх” кафесин көрүп калып ошол жерге олтурайын дедим. Кирип олтуруп, даараткана жактан Э. деген жигит менен таанышып калдым, көзүмө анча деле мас көрүнгөн эмес. Чогуу олтуруп, арак иче баштадык. Андан соң Э. бир жигит келет, азыр тааныштырамын деп айтты. Бир аз убакыт өткөндөн соң, Р. аттуу бала келди. Аны менен кафенин ичинде тааныштык. Үчөөбүз жалпысынан үч бөтөлкө арак ичиптирбиз, мен жакшы эле мас болуп калыптырмын. Эмне болгонун билбеймин, өзүмө келип ойгонсом ооруканада экенмин. Дарыгерлер болгон окуяны мага түшүндүрүп беришти. Дарыгерлердин айтуусу боюнча он эки жолу бычак менен жаракат алыптырмын. Азыркы учурда басып жакшы болуп калдым. Айпталуучунун ата-энеси мен орууканада жатканымда жардам иретинде канча акча каражатын бергенин билбеймин, бирок жардам беришти. Бүгүнкү күндө айыпталуучуга доом жок. Аны кечирдим, жарашуу макулдашуусун түздүк, кол коюп бердим. Айыпталуучу тарап мындан ары да жардам беремин деп жатат деп көрсөтүп, жарашуу макулдашуусун жактоочусунун катышуусунда колдоорун билдирди.

Соттук отурумда күбө катары суралган М.Г.Б., сотко көрсөтмө берип, анда мен “ххх” кафесинде администратор болуп иштеп келемин. 2022-жылы 30- июнь кунү кечке маал айыпталуучу менен жабырлануучу, дагы бир бала столдо жакшы олтурушкан болчу. Спирт ичимдигин ичишип, тамактарды буюртма кылышкан. Саат 00:50 чамасында эмне болгонун чынында көргөн эмесмин. Ызы-чуу болгондо жанына бара алган жокмун, анткени менин боюмда бар болгондуктан, мени кесиптештерим

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

жолотпой коюшту. Буларды тейлеп жүргөн официант бала дагы окуя болгонун көргөн эмес экен. Жабырлануучуну жерде жатканын көргөмүн. Бир карасам айыпталуучу эмне болгонун түшүнбөй, өзү дагы ыйлап жүргөн экен, ыйлаган соң, тез жардам деп кыйкырып жаткан. Андан соң тез жардам, милиция кызматкерлери келишкен деп көрсөттү.

Сот, соттук териштирүүнүн жыйынтыгын иштин материалдары менен салыштырып иликтеп чыгып, айыпталуучунун, жабырлануучунун, күбөнүн, иш боюнча соттук отурумдун катышуучуларынын көрсөтмөлөрүн угуп, аларга укуктук ченеминде баа берип, иштин бардык жагдайларынын жыйындысын изилдеп, аларга ар тараптуу, калыс баа берип төмөндөгүдөй жыйынтыкка келүүнү туура деп табат.

Айыпталуучу А.Р.Э. 2022-жылдын 30-июнундагы саат 01:00 чамасындагы, Бишкек шаарынын хххх проспектисинин №122/1 дарегинде жайгашкан “ххх” аталышындагы кафенин ичиндеги кылмыш-аракети, тергөө органы тарабынан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин 37-беренесинин 1-бөлүмү аркылуу 122-беренесинин 1,2-бөлүмдөрүнүн 5,7-пункттары менен туура эмес квалификацияланган деп сот эсептейт.

Анткени, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин 37-беренесинин 1-бөлүмү аркылуу 122-беренесинин 1,2-бөлүмдөрүнүн 5,7-пункттарына ылайык, бейбаштык максатта, өзгөчө мыкаачылык менен адам өлтүрүүгө аракеттенүү - башка кишинин өмүрүн кыюуга аракеттенүү болуп саналат.

Адам өлтүрүү мындай жосунду жасады деп эсептеш үчүн, айыпталуучу А.Р.Э. аракеттеринде аталган кылмыштын төрт курамын камтыш керек, башкача айтканда, бул кылмыштын объектиси – адамдын өмүрү, ал эми кылмыштын объективдүү жагы-башка кишинин өмүрүн атайылап кыюу, ал эми субъективдүү жагынан киши өлтүрүү атайылап жасалган кылмыш деп табылат. Кара ниет бул учурда түздөн-түз же кыйыр түрдө болот. Киши өлтүрүүгө аракет түздөн-түз кара ниет менен гана жасалат, ал эми кылмыштын субъектиси – кылмыш жасаган мезгилде акыл-ээси ордунда болгон, бул учурда 14 жашка чыккан адам болуусу зарыл.

Жабырлануучу Д.У.Д.ти, айыпталуучу А.Р.Э. өлтүрүүгө аракеттенүү үчүн жана бул өлтүрүү кишинин өмүрүн кыюуга алып келинген деп саноо үчүн, А.Р.Э. - адам өлтүрүүгө аракеттенүүгө кол салуусу түздөн-түз максат менен гана жасалышы мүмкүн.

Эгерде А.Р.Э. түздөн-түз максаттуу аракетинен улам, Д.У.Д. өлтүрүүгө аракеттенгендиги анык болсо, айыпталуучу өзүнүн максаттуу аракетин коомго коркунучтуулугун түшүнсө, жабырлануучуну өлтүрүүгө аракеттенүүсүн алдын-ала билип, ошону каалаcа-адам өлтүрүүгө, кишинин өмүрүн кыюуга аракеттенүү болуп саналат.

Ал эми, соттук отурумда аныкталгандай: айыпталуучу А.Р.Э., аныгында 2022-жылдын 30-июнь күнүнө караган түнү, Бишкек шаарындагы “ххх” аталышындагы кафенин ичинде болгондугу, тааныш баласы Э., ал эми ага тааныш эмес болгон У. аттуу бала болгондугу, Э. аны менен тааныштыргандыгы, алар арак ичип олтурушкандыгы, ал да алар менен биргеликте ичкендиги, ошол мезгилде У. аны уят сөздөр менен тилдеп жаткандыктан, ал столдун үстүндө турган бычак менен аны сайып жибергендиги, канча жолу сайгандыгын билбегендиги, тез жардам кызматкерлерин чакыргандыгы, окуя кандай жагдайда болуп кеткендигин толук кандуу билбегендиги, жабырлануучу У.ти өлтүрүүгө аракет жасабагандыгы, ниети, максаты болбогондугу, айыпталуучунун, жабырлануучунун, күбөнүн соттук отурумда жана тергөө мезгилинде берген көрсөтмөлөрү менен ырасталат.
Ошондой эле бул жагдайлар: “29-июнь 2022-жылы ххх кафесинде Э. аттуу бала менен арак ичип олтурганмын, ошол учурда Э. Р. аттуу иним азыр келет, тааныштырамын

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

деди, ал бир саат убакыттан кийин келди, аны менен тааныштым, ал өзүн Ысык-Көлдөн келгенин айтты, үчөөбүз биргеликте спирт ичимдигин ичип олтурдук, менин эсимде жок, пикир келишпестик эле болуп кетти окшойт, Р. бычак менен сайгылап баштады, мен эсимди жоготуп жыгылдым, биз үч бөтөлкө арак ичкенбиз, Э. менен урушкан эмесмин, куурдак жеп жатканбыз, А.Р. менен эмне себептен урушуп кеткенибиз эсимде жок, жанымдагы 30000 сом акчамды Р. же Э. алган эмес" деген жабырлануучунун тергөө мезгилинде берген көрсөтмөсү менен далилденсе (и.б.125-126), "биз арак ичип олтурганда У. мени оозго алгыс сөздөр менен сөгүп баштады, мен ага бир нече ирет сөгүнбө деп айтсам болбой койду, мен ачуум келип бычак менен сайып салдым, Э. менен У. урушкан эмес, сыртка чыгып, кайра кайтып келип, тез жардам чакыргыла деп кайрылдым, бычак столдун үстүндө турган болчу, өзүмдү башкара албай калганмын" деген айыпталуучунун тергөө мезгилинде берген көрсөтмөлөрү менен толукталат. (и.б.45-46,124-126)

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Процессуалдык Кодексинин 289-беренесинин 2-бөлүмүнө ылайык, соттун өкүмү соттук отурумда иликтөөгө алынган же болбосо далилдерди депонирлөөнүн натыйжасында алынган далилдерге гана негизделиши мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн.

Айыптоо актысынын маңызы жана аталган айыптоого негизделип көрсөтүлгөн КЖКнин 37-беренесинин 1-бөлүмү аркылуу 122-беренесинин 1,2-бөлүмдөрүнүн 5,7-пункттары, 2022-жылдын 30-июнь күнү саат 01:00 чамасында, Бишкек шаарынын ххх проспектисинин №ххх дарегинде жайгашкан "ххх" аталышындагы кафенин ичиндеги окуяга дал келбейт, негизделбейт, ырасталбайт, анткени, А.Р.Э., аталган кафенин ичинде Д.У.Д.тин өмүрүн кыюуга аракеттенүүгө түздөн-түз ниети болгон эместиги, кылмыш иш материалдарынан жана тараптардын көрсөтмөлөрүнөн байкалат.

Айыпталуучунун көрсөтмөсүнө караганда, ал жабырлануучу У. аттуу баланы мурда таанибагандыгын, окуя болгон күнү аталган кафенин ичинде Э. аттуу тааныш баласы аркылуу тааныгандыгын, биргеликте спирт ичимдигин ичип олтурушкандыгын, үч бөтөлкө спирт ичимдигин ичишкендигин, баары мас болуп калышкандыгын, жабырлануучу аны оозго алгыс уят сөздөр менен тилдегендигин, ал өзүн кармай албай ачууга алдырып, столдун үстүндө турган бычак менен аны сайып салгандыгын, канча жолу сайгандыгын билбегендигин, жабырлануучу жыгылып түшкөндүгүн, ал сыртка чыгып, кайра келип тез жардам кызматын чакырууну сурангандыгын, окуя болгон жерден эч жакка качып кетпегендигин, өзүн жоготуп койгондугун, жабырлануучуну өлтүрүүгө аракет кылуу оюнда оюнда болбогондугун, максат кылбагандыгын, өлтүрүүгө аракет кылуу үчүн аталган кафеге келбегендигин, Э. аттуу баланын суранычы боюнча кафеге келгендигин, колунда бычак болбогондугун, бычак аталган кафеге тиешелүү столдун үстүндө тургандыгын билдирген.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Процессуалдык Кодексинин 17-бер. 2-бөлүмүндө эч ким өзүн күнөөсүздүгүн далилдөөгө милдеттүү эмес. Шектүүнү, айыпталуучуну коргоодо келтирилген далилдерди четке кагуу жана күнөөнү далилдөө жүгү айыптоо тарабында жатат. Ушул берененин 3-бөлүмүндө шектүүнүн же айыпталуучунун күнөөлүүлүгү боюнча кандай болбосун күмөн саноолор алардын пайдасына чечмеленет деп көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Процессуалдык Кодексинин 23-бер. 2-бөлүмүнө ылайык, судья, сот арачысы, ошондой эле прокурор, тергөөчү болгон далилдердин жыйындысына негизделген өзүнүн ички ишенимине таянып, мыйзамды жетекчиликке алуу менен далилдерди баалайт. Ушул берененин 3-бөлүмүндө сотко чейинки өндүрүштө тергөөчү, прокурор тарабынан далилдерди баалоо судья үчүн милдеттүү мааниге ээ болбойт деп көрсөтүлгөн.

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун “киши өлтүрүүлөр жөнүндөгү жана саламаттыкка оор залал келтирүүдөн жабырлануучунун өлүмүнө алып келген иштер боюнча соттук тажрыйба тууралуу” 2017-жылдын 1-декабрындагы №16 Токтомунун 19-пунктунун 3,4-абзацына ылайык, күнөөлүүнүн максатынын мазмуну жөнүндөгү маселени чечүүдө соттор кылмыштын бардык жагдайларын, атап айтканда, кылмыштын каражатын жана куралын, аны колдонуунун ыкмасын, денедеги жарааттардын саны, мүнөзү, жайгашкан жерлерин (мисалы, адамдын өмүрү үчүн маанилүү органдарына: башына, мойнуна бооруна, табарсыкка), кылмыш аракеттеринин токтотулуш себебин жана башка ушул сыяктуу, ошондой эле кылмыш болоордун алдындагы күнөөлүү адамдын жана жабырлануучунун жүрүш-туруштарын алардын өз ара мамилелерин, кылмыш жасалгандан кийинки аракеттердин мүнөзүн эске алуулары тийиш.

Адам өлтүрүүгө кол салуу түздөн-түз максат менен гана жасалышы мүмкүн, ошондуктан күнөөлүү адамдын аракетинен өлүмгө дуушар болбосо, эгерде күнөөлүү адам өз аракетинин коомго коркунучтуулугун түшүнсө, жабырлануучунун өлөөрүн алдын ала билип, ошону каалаcа, бирок өлүм натыйжасы анын каалоосуна байланышпаган жагдайлар боюнча болбой калса, ал адам өлтүрүүгө кол салуу деп жиктелүүгө жатат. Ок атуучу куралды, бычак, балта ж.б. колдонуу, өмүр үчүн маанилүү органдарга жаракат келтирүү, башка далилдер менен бирдикте, өлтүрүүгө түздөн-түз максаты болгондугун күбөлөндүрүшү мүмкүн.

Ал эми, кылмыш иш материалдары боюнча жана соттук отурумда аныкталгандай, айыпталуучу А.Р.Э., жабырлануучу Д.У.Д.ти бычак менен өлтүрүүгө аракеттенүү үчүн кол салуусу түздөн-түз максат менен жасалбаган, өзүнүн аракетинин коомго коркунучтуулугун түшүнбөгөн, жабырлануучуну өлтүрүүгө аракеттенип, ошону каалабаган. Ошондуктан айыпталуучунун аракети адам өлтүрүүгө кол салууга аракеттенүү деп жиктелүүгө жатпайт.

Бул жагдайда, айыпталуучу А.Р.Э., жабырлануучу Д.У.Д.тин өмүрүн кыюуга аракеттенген деген айыптоонун жүйөөлөрүнө макул эместигин, анткени, тергөө органы тарабынан айыпталуучуга коюлган КЖКнин 37-беренесинин 1-бөлүмү аркылуу 122-беренесинин 1,2-бөлүмүнүн 5,7-пункттарында көрсөтүлгөн аракеттер, айыпталуучу тарабынан орун албагандыгын сот белгилейт.

Кылмыш иштин ичиндеги далилдерге, соттук отурумдагы тараптардын көрсөтмөлөрүнө баа берип, айыпталуучу А.Р.Э. 2022-жылдын 30-июнь күнү саат 01:00 чамасында, Бишкек шаарынын хххх проспектисинин №ххх дарегинде жайгашкан “ххх” аталышындагы кафенин ичиндеги жасаган кылмыш-аракетин, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин 130-беренесинин 2-бөлүмүнүн 10,12-пункттарынын негизинде, өзгөчө мыкаачылык менен бейбаштык максатта өмүргө коркунучтуу болгон денеге залал келтирүү түрүндөгү ден соолукка оор залал келтирүү менен квалификациялоону, туура деп сот табат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана башка Мыйзамдарынын талаптарына ылайык, республиканын жарандары ден-соолугунун корголушуна укуктуу. Аларга каршы кылмыштар жасалганда, жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын КЖК тарабынан аныкталат.

Аталган кылмыштын түздөн-түз объектиси-адамдын ден-соолугу. Объективдүү жагынан бул кылмыш аракет же аракетсиздик менен жасалат жана башка адамдын ден-соолугуна зыян келтирүүдөн турат. Ден-соолукка келтирилген зыяндын оордугу атайын соттук медициналык эрежелердин негизинде аныкталат.

Иштин материалдарына тиркелген СМЭнын корутундусуна ылайык, Д.У.Д., көкүрөгүнө жана курсак көңдөйүнө сайылган жараат, оң жана сол гемопневмоторакса өнүгүшү, оң бөйрөк артериясынын кесилиши, оң бөйрөктүн

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

жарааты, 3,4-даражадагы геморрагиялык шок жана төбөсүнүн кесилген жарааты аныкталган. У.Д.Д. денесине келтирилген залака учтуу жана кесүүчү курал менен сайылганы аныкталган жана ден-соолукка оор жаракат келтирилген.

Субъективдүү жагынан бул кылмыштардын курамы, сөзсүз түрдө күнөөкөр кандай натыйжага умтулгандыгын аныкташ керек. Мисалы, жабырлануучуга карата бычак менен бир нече ирет сайып жатып, күнөөкөр ар кандай натыйжанын келип чыгышына жол коёт.

Бейбаштык максатта, өзгөчө мыкаачылык менен ден-соолукка атайылап оор зыян келтирилүүсүнө алып келиши, бул учурда күнөөкөр жабырлануучунун ден-соолугуна атайылап оор зыян келтирүүгө өзүнө максат коёт, бирок анын өлтүрүүгө аракеттенүүсү анын кара ниетине камтылган эмес, ошондуктан ал өзгөчө мыкаачылык менен бейбаштык максатта жабырлануучунун денесине оор залал келтиргендиги үчүн жоопкерчиликке тартылат.

Кылмыш окуясы, 2022-жылдын 30-июнь күнүнө караган түнү, Бишкек шаарындагы “ххх” аталышындагы кафенин ичинде болот. Иш боюнча жабырлануучу Д.У.Д., айыпталуучу А.Р.Э. жана Эмил аттуу жаран менен спирт ичимдигин ичип олтурушат. Мас абалында өз ара пикир келишпестиктен улам жана жабырлануучунун айыпталуучуну кемсинтүүсүнүн, оозеки иретинде оозго алгыс уят сөздөр менен тилдеп жибергендигинин жыйынтыгы менен ал столдун үстүндө турган бычак менен жабырлануучуну мас абалында сайып жиберет, канча жолу сайгандыгын билбейт, тез жардам кызматкерлерин чакырып, аталган кафенин ичинде олтурат. Бирок, айыпталуучунун аракети, жабырлануучуну атайылап өлтүрүүгө аракеттенген ниети, максаты болгон эмес, бул ниет, максаттар анын оюуна багытталган эмес.

Андыктан, айыпталуучу А.Р.Э. өзүнүн аракети менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин 130-беренесинин 2-бөлүмүнүн 10,12-пункттарында көрсөтүлгөн кылмышты жасаган.

Бул жагдайлар, айыпталуучунун тергөөдө жана соттук отурумда берген көрсөтмөсүнөн сырткары, окуя болгон жерди кароо протоколу (и.б.17-18), фототаблицалар (и.б.19-24,143-145), буюм далилдерин кароо протоколу (и.б.114,142), далил буюм деп табуу жөнүндөгү токтому (и.б.115-116,146-147), СМЭнын корутундусу (и.б.119-122) жана башка кылмыш иши боюнча тергөө мезгилинде топтолгон материалдар жана соттук отурумда изилденген башка далилдер менен тастыкталат.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Процессуалдык Кодексинин 92-беренесине ылайык, иш боюнча чогултулган далилдер ар тараптуу жана объективдүү текшерилүүгө тийиш. Текшерүү алынган далилге талдоо жүргүзүүдөн, аны башка далилдер менен салыштыруудан, жаңы далилдерди чогултуудан, аларды алуунун булактарын текшерүүдөн турат.

Ушул эле Кодекстин 93-беренесинин 1,2-бөлүктөрүндө ар бир далилге тиешелүүлүгүнө, жол берилгендигине, аныктыгына карата, ал эми бардык чогултулган далилдер жыйындысында – ишти чечүү үчүн жетиштүүлүгүнө карата баа берилет. Тергөөчү, прокурор, сот арачылары, сот далилдерди жалпысынан калыс жана жетиштүү түрдө карап чыгууга негизделген өзүнүн ички ынанымы боюнча далилдерди баалайт, мында мыйзамды жана ыйманды жетекчиликке алат деп белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Процессуалдык Кодексинин 289-бер.2-бөл. талабына ылайык, соттун өкүмү сот отурумунда иликтөөгө алынган далилдерге гана негизделиши мүмкүн. Ал эми ушул эле Кодекстин 349-бер. 1-бөл. ылайык, айыптоо өкүмү соттук териштирүүнүн жүрүшүндө айыпталуучунун кылмышты же болбосо жорукту жасоого күнөөлүүлүгү иликтенген далилдердин жыйындысы менен

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

ырасталган шартта гана чыгарылат жана божомолдорго негизделиши мүмкүн эмес деп көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун “Соттун өкүмү жөнүндөгү” 2019-жылдын 24-майындагы Токтомунун 15-пунктуна ылайык, соттор жаза белгилөөдө жасалган кылмыштын (жоруктун) коомго коркунучтуулугунун мүнөзүн жана даражасын, күнөөлүнүн өздүгүн, ошону менен бирге жоопкерчиликти оордотуучу жана жеңилдетүүчү жагдайлардын, белгиленген жазанын соттолгон адамдын оңолуусуна жана анын үй-бүлөөсүнүн жашоо шартына тийгизе турган таасирлерди эске алуулары керек деп көрсөтүлгөн.

Сот, айыпталуучуга жаза белгилөөдө, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 73-беренесинде көрсөтүлгөн жазаны жеңилдетүүчү жагдайлар катары, айыпталуучу А.Р.Э. күнөөсүн мойнуна алгандыгын, жасаган кылмыш ишине чын дилинен өкүнгөндүгүн, соттон, жабырлануучудан кечирим сурагандыгын, карамагында ата-энеси бардыгын, жабырлануучуга келтирилген зыянды ордуна койгондугун, жардам берип жаткандыгын, жарашуу макулдашуусу түзүлгөндүгүн эске алат.

Ал эми, айыпталуучунун жазасын оордотуучу жагдай катары Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 74-беренесинин негизинде, кылмыш аркылуу оор залал келтиргендигин, өзгөчө мыкаачылык менен кылмыш жасагандыгын, мас абалындагы адам тарабынан кылмыш жасагандыгын эске алат.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 67-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, белгилүү бир мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга биринчи жолу соттолгон адамдарга, түзөтүү жумуштары жана коомдук иштер, эркиндигин чектөө жана айып түрүндөгү жазалары эркиндигинен ажыратууга алмаштырылган, ошондой эле пробациялык көзөмөл жокко чыгарылып, эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза дайындалган адамдар – жалпы тартиптеги түзөтүү абактарында жазаны өтөө дайындалат.

Мындай шартта, айыпталуучунун жеке өздүгүн, кылмыштын жүйөөлөрүн, максатын, ыкмасын, ниеттин багытын, натыйжасынын оордугун, дыкаттык менен изилдеп, адамдын күнөөсүн жана анын аракетинин квалификациясын чогуу текшерилген жагдайларга негиздеп, айыпталуучу А.Р.Э.ке карата Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин 130-беренесинин 2-бөлүмүнүн 10,12-пункттары менен эркиндигинен ажыратуу менен жалпы тартиптеги түзөтүү абактарында жазасын өтөөсү белгиленүүгө жатат деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 82-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, сот анчалык оор эмес жана (же) оор кылмыштар үчүн эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазаны дайындоодо, күнөөлүүнүн ким экендигин, анын пробациялык көзөмөлдү колдонууга берген макулдугун, ошондой эле иштин башка жагдайларын эске алуу менен, соттолгон адамды жаза өтөбөстөн түзөтүү мүмкүн экендиги жөнүндө тыянакка келсе, кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу-кубаттоочу чарасы болуп эсептелген пробациялык көзөмөлдү (пробацияны) колдонуу аркылуу аны жаза өтөөдөн бошотуу жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.

Соттук отурумда айыпталуучу А.Р.Э. пробациялык көзөмөлдү дайындоого макулдугун, ал эми жабырлануучу Д.У.Д. айыпталуучуну кечиргендигин, ага карата доосу жоктугун, айыпты колдоодон баш тартаарын, кылмыш ишин өндүрүштөн кыскартууну сурангандыгы тууралуу жарашуу макулдашуусун түзүшкөндүгүн билдирген.

Мындай шартта, айыпталуучу А.Р.Э.ти жаза өтөтпөстөн түзөтүү мүмкүн экендиги жөнүндө тыянакка келип, аны колдонуугa киргизилген Кыргыз Республикасынын

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

Кылмыш-жаза кодексинин 82-беренесинин 1-бөлүгүнүн негизинде пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотуп, айыпталуучу тарабынан жасалган кылмыш-аракетиндеги ордуна жараша пробациялык көзөмөл дайындалууга жатат деп сот эсептейт.

Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 359-беренесине ылайык, айыпталуучуну жазадан пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотууда, камакка алынган айыпталуучу соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин сот залында токтоосуз бошотулууга тийиш. Айыпталуучуга карата камакка алууга байланышпаган бөгөт коюу чарасы тандап алынат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-октябрындагы №583-токтомуна ылайык, айыпталуучулардан биргеликте мамлекеттин пайдасына жазык ишин соттун биринчи инстанциясында кароонун алкагында кетирген чыгымдар өндүрүлүүгө жатат деп сот эсептейт.

Жогорудагылардын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Процессуалдык Кодексинин 344-346,348,351-354,358,359,360,397-400–беренелерин жетекчиликке алып, сот

Ө К Ү М К Ы Л А Т:

А.Р.Э., Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин 130-беренесинин 2-бөлүмүнүн 10,12-пункттары боюнча күнөөлүү деп таанылсын.

А.Р.Э., Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин 130-беренесинин 2-бөлүмүнүн 10,12-пункттары боюнча 8 (сегиз) жылга эркиндигинен ажыратылсын.

А.Р.Э., жазасын жалпы тартиптеги түзөтүү абактарында өтөөсү белгиленсин.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин 82-беренесинин негизинде пробациялык көзөмөлдү (пробацияны) колдонуу аркылуу А.Р.Э. жаза өтөөдөн бошотулсун. Ага карата 5 (беш) жыл пробациялык мөөнөт белгиленсин.

Пробациялык мөөнөт ичинде А.Р.Э.ке соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып он күндүн ичинде жашаган жери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Юстиция министрлигинин алдындагы пробация департаментинин пробация органына келүү, өлкөнүн чегинен чыкпоо, пробация органына жашаган жери, иши же окуусу жөнүндө, ошондой эле алар өзгөргөндүгү тууралуу кабарлоо, каттоо жана профилактикалык маектешүүгө катышуу үчүн айына эки жолу пробация органдарына келүү, пробация органы тарабынан дайындалган кайра социалдаштыруу программаларына катышуу, пробация органынын талабы боюнча сот тарабынан жүктөлгөн милдеттерди аткаргандыгы жөнүндө кабарлоо боюнча көзөмөл талаптарын аткаруу милдеттендирилсин.

Айыпталуучу А.Р.Э. камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасы жашаган жеринен эч жакка кетпөө жөнүндөгү бөгөт коюу чарасына өзгөртүлүп, сот залынан токтоосуз түрдө бошотулсун.

Өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин А.Р.Э. жашаган жеринен эч жакка кетпөө жөнүндөгү бөгөт коюу чарасы жокко чыгарылсын.

Буюм далил заты катары табылган “Mr.DATA” компакт-диск, кылмыш иш материалдарында сакталсын.

Буюм далил заттары катары табылган, Бишкек шаарынын ИИБнын сактоо камерасына өткөрүлүп берилген ак түстөгү кандын тактары бар эркектердин футболкасы, кара боз түстөгү кандын тактары бар эркектердин джинсасы, боз түстөгү кандын тактары бар эркектердин бүйүрмөлөп тигилген бел боолуу кең көйнөгү жана кең көйнөктүн жакасына бекитилген башты чүмкөп алуу үчүн баш кийим (толстовка с капюшоном), кочкул көк түстөгү панамасы, пластикалык туткасы бар, тиричилик

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

максатта колдонулган, сайма (чапма) курал болуп эсептелинбеген кара түстөгү бычак, өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин жок кылынсын.

Айыпталуучу А.Р.Э.тен мамлекеттин пайдасына 2500 (эки миң беш жүз) сом, жазык ишин соттун биринчи инстанциясында кароонун алкагында кетирген процесстик чыгымдар өндүрүлсүн.

Биринчи инстанциядагы соттун өкүмүнө апелляциялык даттануулар жана сунуштар өкүм чыгарылган күндөн тартып 30 сутканын ичинде, ал эми камактагы айыпталуучу тарабынан - ага өкүмдүн көчүрмөсү тапшырылган күндөн тартып ошол эле мөөнөттө берилиши мүмкүн.

Төрагалык кылуучу, судья:(колу) Адимов А.А.

Көчүрмөсү туура, судья:Адимов А.А.

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

WWW.ACT.SOT.KG

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда